КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 14-октябры** **№1** **Кызыл-Октябрь айылы**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 ”Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгын аткаруу жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылышынын кезектеги сессиясы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы “Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №270 Жарлыгын аткаруу жөнүндөгү маалыматтарды угуп, талкуулап токтом кылат.

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы “Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №270 Жарлыгы аткарууга алынсын.

2. 2025-жылдын 22-23-декабрларында Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында Кезектеги IV Элдик Курултай чакырылгандыгы эске алынсын.

3. Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо үчүн,биринчи этап- жарандардын жыйындары, экинчи этап- жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планы 1-тиркемеге, уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 2- тиркемеге , жыйындарды өткөрүү графиги 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо үчүн экинчи этап- жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын 2025-жылдын 1-ноябрында Кызыл-Октябрь айылында клубда өткөрүлсүн, делегаттардын саны 80 адам деп белгиленсин. Акназаров айыл аймагынан IV Элдик Курултайга 2 делегат шайлансын.

5. Ушул токтом менен бекитилген Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо үчүн негизги уюштуруу-практикалык иш чаралардын календардык планына жараша өз мөөнөтүндө аткаруу боюнча конкреттүү чаралар көрүлсүн.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төраганын орун басары** **Р.Кожоматов**

Тиркеме №1
2025-жылдын 14-октябрын-дагы №1 токтому менен бекитилген

**Акназаров айыл аймагында жарандардын жыйынын жана жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын уюштуруу,өткөрүү жана Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы**

| № | Иш чаралар | Өткөрүү убактысы | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| **Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын жер-жерлерден шайлоо** | | | |
| 1. | Жергиликтүү кеңеш тарабынан кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жарандардын жыйындарын ,жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын өткөрүү<br>- алардан датасын, убактысын жана өтүүчү жерин аныктоо;<br>-,жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын катышуучу өкүлдөрдүн санын квотага ылайык бекитүү;<br>-жыйындарды /чогулуштарды өткөрүү графигин бекитүү жөнүндө токтомду сессияда кабыл алуу; | 2025-жылдын 15-октябрына чейин | Жергиликтүү кеңеш жана айыл өкмөтү |
| 2. | Жарандардын жыйындарын , жергиликтүүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү (курамы 5-11 адам) | 2025-жылдын 14-октябры . | Айылдык кеңеш,айыл өкмөт,коомдук уюмдар. |
| 3. | Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынына же курултайына делегаттарды шайлоо боюнча жарандардын жыйындарын /чогулуштарын өткөрүү-2 күн | 2025-жылдын 21-22-октябры . | Жергиликтүү кеңеш, жарандардын жыйындарын,жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топ,айыл өкмөтү координациялайт. |
| 4. | Жергиликтүү кеңешке жарандардын жыйындарынын протоколдору жана | 2025-жылдын 28-октябрына чейин. | Жарандардын жыйындарын,жергиликтүү коомдоштуктардын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | делегаттардын тизмесин жалпылоо | | жыйынын же курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топ |
| 5. | Кезектеги IV Элдик курултайды н делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүүү коомдоштуктардын жыйынына же курултайына тизме,сапаттык жана тармактык курамы боюнча маалымат, жыйындын күн тартибин даярдоо жана жергиликтүүү коомдоштуктардын жыйынына же курултайына өткөрүү | 2025-жылдын 30-октябрына чейин<br><br>2025-жылдын 1-ноябры(ишемби) | Жергиликтүү кеңеш, жарандардын жыйындарын,жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топ |
| 6. | Кезектеги IV Элдик Курултайда көтөрүлүүчү үчтөн көп эмес маселелерди аныктоо жана протоколго киргизүү. | 2025-жылдын 1-ноябры | Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топ |
| 7. | Кезектеги IV Элдик курултайдын делегаттарынын тизмелерин шайлоо тууралуу протоколдорду жана толтурулган анкетаны,пас-порт көчурмөлөрүн жана сүрөт-төрдү(3*4 кызыл фондо 2 даана) Элдик курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетине жөнөтүү. | 2025-жылдын 3-ноябрына чейин | Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын өткөрүү боюнча жумушчу топ |

**Маалыматтык камсыз кылуу**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8. | Жарандардын жыйындарын жана чогулуштарды өткөрүү убактысы ,орду жана күн тартиби жөнүндө жергиликтүү кооомдоштук-тардын мүчөлөрүнө жарыя кылуу. | 2025-жылдын 21-октябрына чейин | Жарандардын жыйындарын өткөрүү боюнча жумушчу топ |
| 9. | Айыл аймагы боюнча жергиликтүүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын өткөрүүнүн графигин,убакты сын,ордун жарыялоо. | 2025-жылдын 1-ноябрына чейин | Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын же курултайын өткөрүү боюнча жумушчу топ |

Тиркеме №2
2025-жылдын 14-октябрын-дагы №1 токтому менен бекитилген

**Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы.**

1.1. А.Коккозов – айылдык кеңештин төрагасы,жумушчу топтун төрагасы;

1.2.С.Шабданова - айылдык кеңештин жооптуу катчысы, жумушчу топтун катчысы;

**Жумушчу топтун мүчөлөрү:**

1.3.Абтандил у.Нурадил -айылдык кеңештин депутаты;

1.4.Н.Орозбеков - айылдык кеңештин депутаты;

1.5. Э.Тургунов - Муниципалдык менчик жана ӨК боюнча башкы адиси;

1.6. А. Айылчиев –Таш-Кудук,Көк-Таш айылдарынын айыл башчысы;

1.7. Б.Айылчиева --Акназаров айыл өкмөтүнүн соц.кызматкери ,аялдар кеңешинин төрайымы,

1.8. С.Сариев – Маданият ,Урмарал айылдарынын айыл башчысы;

1.9. М.Ниязалиев-Ынтымак, Түйтө айылдарынын айыл башчысы;

1.10.М.Акматалиев- айылдык кеңештин депутаты;

1.11Н.Нурматов- айылдык кеңештин депутаты;

Тиркеме №3
2025-жылдын 14-октябрындагы №1
токтому менен бекитилген

**Акназаров айыл аймагында өтүүчү жарандардын жыйындарында курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айылдардын тургундары менен өтүүчү жыйындардын графиги**

| № | Акназаров айыл өкмөтү калкынын саны 12244 адам | | Делегаттардын саны 80 адам | Өтүүчү орду | Өткөрүү күнү,сааты | Айыл өкмөтүнөн жооптуулар | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Маданият айылы | 2107 | 13 | Мектепте | 21.10.2025-жыл саат 10-00 дө | Сариев С | 0500477417 |
| 2. | Урмарал айылы | 679 | 5 | Мектепте | 21.10.2025-жыл саат 12-00 дө | Сариев С | 0500477417 |
| 3. | Көк-Таш айылы | 864 | 6 | Мектепте | 21.10.2025-жыл саат 14-00 дө | Айылчиев А | 0709980031 |
| 4. | Таш-Кудук айылы | 1529 | 10 | Мектепте | 21.10.2025-жыл саат 16-00 дө | Айылчиев А | 0709980031 |
| 5. | Кызыл-Октябрь айылы | 2953 | 19 | Клубда | 22.10.2025-жыл саат 11-00 дө | Айылчиев А | 0709980031 |
| 6. | Шадыкан айылы | 2934 | 19 | Клубда | 22.10.2025-жыл саат 13-00 дө | .Ниязалиев М. | 0509070870 |
| 7. | Түйтө айылы | 1178 | 8 | Клубда | 22.10.2025-жыл саат 15-00 дө | Ниязалиев М. | 0509070870 |
| 8. | Жалпысы: | 12244 | 80 | | | | |